
# Кыргыз тоо чокулары



Автор: Айнагүл Базарбаева

# Кыргыз тоо чокулары

Автор: Айнагүл Базарбаева

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган. Төмөндө көрсөтүлгөн учурлар камтылбайт.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Кыргыз тоо чокулары" (кыргыз тилинде), автор Айнагүл Базарбаева.

Төмөнкү сүрөттөр жогорудагы китептин лицензиясынан алып салынган. Ар бир сүрөт автордук укук ээсинин шарттарына ылайык жөнгө салынат.

Фотосүрөттөр: Мукаба бет - Almazoff/www.shutterstock.com; 1-бет Kirill Skorobogatko/www.shutterstock.com, Schwabenblits/www.shutterstock.com; 2-бет Vixit/www.shutterstock.com, Leonid 2/Wikipedia.org; 3-бет Sergfear/www.shutterstock.com, Leonid 2/Wikipedia.org; 4-бет Aleks Kend/www.shutterstock.com, Leonid 2/Wikipedia.org; 5-бет Mikhail Semenov/www.shutterstock.com, Leonid 2/Wikipedia.org; 6-бет Almazoff/www.shutterstock.com, Leonid 2/Wikipedia.org; 7-бет Jakub_Q/www.shutterstock.com, Leonid 2/Wikipedia.org; 8-бет Aleksandr Sadkov/www.shutterstock.com.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

**Тоо, чоку деген эмне?**

Тоолорду баарыбыз жакшы билебиз. Тоо деңиз деңгээлинен миңдеген метр жогору турат.

Тоолордун сөзсүз түрдө чокусу болот. Тоолор, андагы чокулар жөнүндө билүү силерге да кызык болсо керек.

Чоку – тоонун эң бийик жери. Чокулар конус, пирамида жана башка формаларда болот. Гималайдын керемет чокусу Эверест – дүйнөдөгү эң бийик чоку. Ал деңиз деңгээлинен 8848 м бийиктикте турат.

Кыргыз жери – тоолуу өлкө. Элибиз тоолорду түзүлүшүнө карап, Ала-Тоо, Теңир-Тоо, Опол-Тоо, Токол-Тоо деп атаган. Азыр биз ар бир облустагы тоолордун бийик чокулары менен таанышабыз.

Баса, чокулардын бийиктигин ким өлчөйт? Чокудагы ызгаар суукка, шамалга ким чыдайт! Албетте, альпинист гана. Анда бийик чокуларды альпинисттин көзү менен карап көрөлү.





**1. Таластагы Манас чокусу**

Манас чокусу Талас облусунун батыш тарабында жайгашкан. Ала-Тоо кыркасындагы эң бийик чоку. Деңиз деңгээлинен 4482 м бийиктикте турат.

Бул чоку абдан тик, зоокалуу. Жааган кар мөңгүгө айланбайт, эрип түшөт. “Манас” эпосуна байланыштырып, “Манас чокусу” деген ысым ыйгарылган. Мөңгүдөн Күркүрөө суусу башталат. Чокуга эң биринчи 1933-жылы альпинист Е. С. Левин чыккан.

**2. Жалал-Абаддагы Авлетим чокусу**

Жалал-Абадда Авлетим чокусу бар. Уламышта бул чокуда Кожожаш мерген аңчылык кылган деп айтылат.

Авлетим чокусу – Чаткал кырка тоосунун бийик жери. Деңиз деңгээлинен 4503 м бийикте турат. Чокунун түндүк жагында гана мөңгү бар. Авлетим – тик, шамалдуу чоку. Жааган карды шамал учуруп кетет.

Аксы районундагы Авлетим чокусунун тарыхый аталышы – Афлатун. Афлатун, Авлетим, Аблетим болуп түрдүүчө айтыла берет. Кар турбаган аска-зоолуу чоку өзгөчө көрүнөт. Бул чокуга барууну көздөгөн альпинисттер көп.



**3. Чүй жергесиндеги Аламүдүн чокусу**

Аламүдүн чокусу – Ала-Тоо кыркаларынын бийик жери. Деңиз деңгээлинен 4875 м бийиктикте жайгашкан. Тик капталдуу. Үстү жайпак. Жайы-кышы мөңгү каптап турат. Тоо чокусунан агып түшкөн суулар мол. Ал суу Чүй облусуна сугат, ичер суулар болуп пайдаланылат.

**4. Баткендеги "Боец" чокусу**

"Боец" чокусу – Баткендеги Түркстан тоосундагы чоку.

Ал Карабел тоосунда жайгашкан. Деңиз деңгээлинен 5398 м бийиктикте турат. Өтө тик, аскалуу, байыркы мөңгү издери бар.

Тик болгондугуна карабай мөңгүлүү. Анткени ал чокуда тектирчелер көп шамалдуу эмес. Баткен облусунун кайсы районуна барбагын, Түркстан тоолору көрүнүп турат. Эл бул тоону Алтын-Бешик деп да атайт.





**5. Нарындагы Данков чокусу**

Нарын облусундагы Ат-Башы тоо кыркалары бийик жана кооз.

Нарын кырка тоосу да бар. Ал салыштырмалуу өтө бийик эмес.

Данков – облустагы эң бийик чоку.

Деңиз деңгээлинен 5982 м бийиктикте турат. Какшаал тоо кыркаларында жайгашкан. Чоку кесилген конус формасы сыяктуу.

Кар менен капталып, мөңгүлүү келет. Аккан суулар эл-жерди багат.

Чоку топограф С. Д. Данковдун ысымы менен аталган.



**6. Оштогу Ленин чокусу**

Ленин чокусу – Ош облусундагы Чоӊ-Алай кырка тоолорунун эӊ бийик чокусу. Деӊиз деӊгээлинен 7134 м бийиктикте турат. Кар-мөӊгү менен капталган.

Чоӊ –Алай кырка тоосунда мөӊгүлөр көп. Жаз-жай айларында да кар жаайт. Бул мөӊгү суулары – Нарын жана Сары-Жаз дарыясынын башаты. Ленин чокусу Кыргызстан менен Тажикстандын чек арасында жайгашкан.



**7. Ысык- Көлдөгү Жеңиш чокусу**

Жеңиш чокусу – Тянь-Шань тоосунун бийик чокусу. Хан-Теңири чокусунан 16 чакырым аралыкта жайгашкан. Ал 7000 метрден ашкан бийик чокулардын катарында. Чоку деңиз деңгээлинен 7439 м. бийиктикте турат.

Чоку жөнүндө элибиз мурда эле билген. Аны Хан-Теңири деп аташчу. Азыр деле Жеңиш чокусун элдин көпчүлүгү Хан-Теңири чокусу деп жүрүшөт. Мөңгүлөрдүн зор очогу Хан-Теңири жана Жеңиш чокусунун тегерегинде. Швед саякатчысы Свен Гедин Кытай тараптан көргөнүн биринчи болуп жазган.

Болжолдуу бийиктиги 7320 м деп белгилеген. Алгач альпинисттер 1943-жылы Л. Гутман менен Е. Иванов жана А. Сидоренколор чокуга чыгышкан. Алар бул чоку менен Хан-Теңири эки башка экенин аныкташкан. Хан Теңири чокусу 6995 м бийиктикте, ал эми Жеңиш 7439 м бийиктикте жайгашканы аныкталган. Жеңиштин урматына Жеңиш чокусу деп аталган.



Тоолуу мекенибизде жети бийик чокудан Хан Теңири (6995 м), Семенов чокусу (5816 м), Тамдыкул чокусу (5539 м) бар. Каракол чокусу (5280 м), Айдарбек (5125 м), Кыргыз Эл комиссарлар (5125 м) чокулары да сөз кылууга арзыйт. Булардан башка Айдар-Тоо, (4533 м) Академик Адышев (4785 м), Молдо башы (4222 м) жана башка ажайып чокулар бар.

Тоо чокулары түркүн кен байлыктарга, дары чөптөргө бай. Аскалуу тоолордо ак илбирс, кийик, аркар-кулжа жашайт.

Тоолорубузду, чокуларыбызды, мөңгүлөрүбүздү сактайлы! Ар бирибиз жаратылышыбызды коргойлу!

Колдонулган адабияттар:

1. Интернет булактары;

2. Кыргызстандын географиясы / Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Бишкек 2004.

USAID
ОТ АМЕРИКАНСКОГО НАРОДА

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

Автор: Айнагүл Базарбаева

Колдонулган сүрөттөр
wikipedia.org,www.stutterstock.com
сайттарынан алынган.

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

| | |
|---|---|
| 1-класс | 1.1 деңгээли |
| | 1.2 деңгээли |
| | 1.3 деңгээли |
| 2-класс | 2.1 деңгээли |
| | 2.2 деңгээли |
| 3-класс | 3.1 деңгээли |
| | 3.2 деңгээли |
| 4-класс | 4.1 деңгээли |
| | **4.2 деңгээли** |